Бекитемин:
Убактылуу директордун
милдетин аткаруучу________________________Кенеева.Г

Б.Календеров атындагы орто мектебинин окуучулар арасында **суицидди** алдын алуу боюнча жылдык иш планы.
2022-2023-окуу жылы үчүн.

| № | Аткарылуучу иштер. | Мөөнөтү | Ким жооптуу |
|---|---|---|---|
| 1 | Суицидди алдын алуу боюнча план түзүп бекиттирүү. | Сентябрь | Соц.педагог |
| 2 | Суицидке жакын балдардын ата-энелери менен аңгемелешүү | Сентябрь | Уюштуруучу Соц.педагог |
| 3 | Бүткүл дүйнөлүк өз өмүрүн кыюуга жол бербөө күнүнө карата(10-сентябрь)"Балдар эмне үчүн суицидке барышат?" тегерек стол өткөрүү | Сентябр | Соц.педагог Класс жетекчилер |
| 4 | Суицид-жаш муундардын моралдык трагедиясы.Видео көргөзүү,талкуулоо. | Октябрь | Балдар совети |
| 5 | Суицидке барган адамдын бизди курчаган коомдон алсыздык,жеңил ойлуулук тарбиядан.(Лекция) | Ноябрь | Соц.педагог Разакулова.К |
| 6 | Тарбия башаты үй бүлөдөн башталат. (Ачык тарбиялык саат) | Декабрь | Баева.С |
| 7 | Суицидди кантип токтобуз? Талкуу | Январь | Соц.педагог |
| 8 | Жан кечтилик кайдан келип чыгат? | Февраль | Юсупова.А |
| 9 | Жашоо сени сүйөм.(Сахналаштыруу) | Март | Турапова.Ж |
| 10 | Кылмыш жана жаза.(тегерек стол) | Апрель | Соц.педагог |

Социалдык педагог: Курманалиева Нуржан

Суицид-жаш муундардын моралдык трагедиясы.(Талкуу)

Бүгүнкү талкууга 9-10-11-класстын окуучулары катышат,класс жетекчилери менен бирдикте.

Талкуунун максаты:

-"Суицид" деген эмне,анын келип чыгышы жана болтурбоого боло тургандыгы тууралу пикир алышуу.

-Суицидди алдын алууга жана өзүнүн ата-энеге,мугалимге,досторуна сөзсүз керек экендигин сезүүсүн,ой жугуртуусүн өнүктүрүү.

-Жаман иштерге барбоого,сабырдуу болууга,эч качан өзүн башкалардан кем сезбей жүрүүгө тарбиялоо.

Бүгүнкү талкууну баштоодон мурда силер үчүн даярдалган видеого көңүлүңөрдү бурам. Кана балдар видеодон Суицид эмне экенин,эмне үчүн келип чыгаары жөнүндө көрдүк жана уктук. Силер ушул боюнча өз пикирлериңерди айтып берсеңер.

Буга чейин силер суицид же болбосо өзүнүн жанын кыюу деп уктуңар беле?

1.Жээнбек уулу Актилек жооп берет

2.Бактыбекова Гүлзада жооп берет.

Ооба балдар силер буга чейин деле угуп жүрүптүрсүңөр.Эми так айтсак:

**Суицид**-атайын аракет кылуу менен өз жанын кыюу деген маанини берет.Сыртынан караганда адам Суицидке өз каалоосу менен жана өүнүн аракети менен баргандай көрүнөт экен.

Жаш балдардын өмүрүн кыюусунун эң негизги себеби эмне деп ойлойсуңар?

1.Курманкулов Арлен жооп берет

2.Азималиев Бакдөөлөт жооп берет

Туура балдар ,бул улуу муундун,коомдун жана мамлекеттик органдардын кайдыгерлиги,балдарга жетшээрлик көңүл бурбагандыгында.Ата-эненин да кээде түшүнбөстүгүндө да болушу мүмкүн.

Суицидке балдарга көңүл бөлүнбөй калса болот дегенге макулсуңарбы?

Бул суроо окуучуларга ооба,жок деп берилет.

Окуучулардын 70% ооба деп жооп беришти.

Биздин социалдык педагогдор белгилегендей,балдар көңүл буруу жетпеген учурда өз өмүрүн кыюуга барышат.Алар өздөрүн өлтүргүсү деле келбейт,көпчүлүгү сакталып калгандары болот.Алардын кээ бирине суроо берсең "Менин эч кимге керегим жок,ата-энем баш болуп,мени эч ким байкабай жан карабай жатышат.Булар мени жакшы көрүшпөйт" деп жооп беришет экен.

10-класстын балдарына "Балдарды катуу кармоо суицидке алып барат"

11-класстын балдарына "Көңүл бурбасаң суицид"

9-класстын балдарына "Ата-эненин,мугалимдин жемөлөсү суицидке жеткирет"

Ушул темаларда жазып келишет.

Социалдык педагог: Н. Курм Курманалиева Нуржан